КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

“Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ” ИЛИМИЙ-БИЛИМ БЕРҮҮ
ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

«Бекитем»
Ректор т.и.д., проф.
К.Ж.Усенов __________
ОК прот.№ __3__________
«_31_» ___01_______ 2025-ж.

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштук комплексинин юридикалык жактын макамы жок кесиптик орто билим берүүчү уюмдары (колледждери) жөнүндө**

**ЖОБО**

**Жалал-Абад-2025**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштук комплексинин (мындан ары ЖАМУ) түзүмдүк бөлүмү болгон юридикалык жактын макамы жок кесиптик орто билим берүүнүн билим берүүчү уюмдардын (мындан ары колледж) иш-аракеттерин жөнгө салат. Колледждердин уюштуруучусу болуп “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштук комплекси эсептелет.

2. ЖАМУнун колледжи өзүнүн иш-аракеттеринде «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдарын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун, буйруктарын, ЖАМУнун уставын, буйруктарын башка локалдык ченемдик актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алуу менен иш жүргүзөт.

3. Колледждин негизги милдеттери:

а) адамдын интеллектуалдык, маданий жана адеп-аклектик талаптарын кесиптик орто билим алуу жолу менен канааттандыруу;

б) коомду кесиптик орто билимдүү адистер менен камсыз кылуу;

в) окуп жаткандарга жарандык позициялар менен эмгекчилдикти (мээнеткечтикти), жоопкерчиликти, өз алдынчалыкты жана чыгармачылык активдүүлүктөрүн калыптандырууну камсыз кылуу;

г) коомдун адеп-ахлактык жана маданий байлыктарын сактоо жана көбөйтүү.

4. Колледждин структурасында бөлүмдөрү, даярдоочу курстары, окуу кабинеттери менен лабораториялары, окуу жана өндүрүштүк-окуу чеберканалары жана чарбалары, окуу полигондору, кесиптик кошумча билим берүүнүн структуралык бөлүмдөрү, ж.б. окуу жана чарбалык бөлүмдөрүнүн болушу мүмкүн.

5. Колледжде жалпы орто, кесиптик башталгыч, кесиптик кошумча орто билим берүү программалары ишке ашырылышы мүмкүн. Аталган билим берүү программаларын (окууга кабыл алууну, билим жөнүндө документтерди берүү, окугандар менен кызматчыларга укуктук социалдык кепилдиктер менен жеңилдиктерди да кошкондо) ишке ашыруу боюнча Колледждердин иш-аракеттери билим берүүчү тийиштүү уюмдар жөнүндөгү жоболорго ылайык жүзөгө ашырылат.

6. Колледжде илим изилдөө жана конструктордук тажрыйба иштери, ошондой эле инновациялык иш-аракеттердин жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай учурларда Колледждердин структурасында тийиштүү бөлүмдөрдүн түзүлүшү мүмкүн.

## 2. Колледждерге кабыл алуу

1. Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен студенттерди колледжге окууга кабыл алуунун көлөмү жана түзүмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

2. Колледжге кабыл алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Негизги жалпы же жалпы орто билими барлардын колледжге кирүү сыноолорунун жыйынтыктар боюнча конкурстук негизде ишке ашырылат. Конкурсту жүргүзүүнүн тартиби эгерде, Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан башка шарттар эскертилбеген болсо, анда башкаларга салыштырганда жөндөмдүү жана кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө даярдыгы бар кирүүчүлөрдүн кабыл алынышы камсыз болууга тийиш.

4. Кирүү сыноолорунун саны, тизмеси, аларды өткөрүүнүн формасы жана баа коюу системасы кабыл алуунун эрежелери менен аныкталат, алардын адистигине, окутуу формасына, кесиптик негизги билим берүүчү программанын, кесиптик орто билим берүүнүн (базалык же жогорулатылган) деңгээли менен билимине жараша айырмаланып, ишке ашырылуучу ар түрдүүлүктүн жана билим берүүнүн базасында (негизги жалпы же жалпы орто) ишке ашырылат.

5. Колледждин студенттери курамына киргизүү билим жөнүндөгү документтин түп нускасы тапшырылганда гана жүргүзүлөт.

## 2. Колледждердин билим берүү ишмердүүлүгү

1. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программалары күндүзгү, күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан жана экстернат окуу формаларында ишке ашырылат. Колледжде экстернат катарында окуу жөнүндөгү жобо билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

2. Колледжде кесиптик орто билим берүү программалары боюнча окутуунун мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген ченем мөөнөттөрүнө ылайык белгиленет. Өтө зарыл өзгөчө учурларда кесиптик орто билим берүүнүн конкреттүү кесиптик орто билим берүү программалары боюнча окутуунун мөөнөтү окутуунун ченемдик мөөнөттөрүнө салыштыруу боюнча өзгөртүлөт.

3. Билим берүү процессин уюштуруу билим берүүнүн мамлекеттик стандарты менен колледждин болжолдуу окуу планынын негизинде иштелип чыккан жана колледж тарабынан өз алдынча бекитилген ар бир адистик жана окутуунун формасы үчүн түзүлгөн окуу планы менен окуу сабактарынын расписаниеси тарабынан жөнгө салынат.

4. Колледжде окуу жылы 1-сентябрда башталып, окуу жылы адистик жана окутуу формасынын конкретүү окуу планына ылайык аяктайт. Окуу жылынын жүрүшүндө студенттер үчүн бир окуу жылында жалпы убактысы 10 аптадан кем эмес эки жолу, анын ичинде кыш мезгилинде 2 аптадан кем эмес каникул белгиленет.

5. Колледжде сабак, лекция, практикалык көнүгүү, лабораториялык көнүгүү, текшерүү иштери, консультациялар, өз алдынча иштөө, өндүрүштүк (кесиптик) практикалык, курстук (курстук долбоорлоо), квалификациялык бүтүрүү (дипломдук долбоор) иштерди аткаруу, ошондой эле окуу сабактарынын башка иштери жүргүзүлөт.

Аудиториялык сабактардын бардык түрлөрү үчүн 40-50 мүнөткө созулган академиялык саат белгиленет.

Окутуучулар тарабынан өткөрүлүүчү милдетүү сабактар студенттер үчүн апталык окуу жүктому академиялык 36 сааттан ашпоо керек.

6. Бюджеттик каражаттардын эсебинен каржылануучу күндүз окутуу формасындагы окуу топторундагы студенттердин саны 25-тен, күндүз-сырттан (кечкисин) жана сырттан окуу формасындагы топтордогу студентердин саны - 15-тен кем болбоо керек. Лабораториялык, практикалык сабактарды, дене тарбия ж.б. сабактарды өткөрүү учурунда колледж тарабынан өз алдынча аныкталуучу тизме, ошондой эле курстук ишти (курстук долбоорлоо) жана чеберкана-өнөрканаларда (полигондордо, чарбаларда) окутуу учурунда окуу топтору 8-ден кем эмес кишиден турган топчолорго бөлүнүшү мүмкүн. Колледждин өзгөчөлүгүнө жараша, сабактар студенттердин аз сандагы топтору же топчолору, атүгүл айрым студенттер менен өзүнчө сабак өткөрүлүшү да мүмкүн.

Окуу топторундагы күндөлүк окуу-тарбия иштерине жетекчиликке кылуу кураторлор тарабынан ишке ашырылат.

7. Колледж студенттеринин практикалары ишканаларда, мекемелерде жана башка уюмдарда колледж менен уюмдардын ортосунда түзүлүүчү келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

8. Студеттердин курс аралык аттестациясынын баа коюу формасынын тартиби менен мезгилдүүлүгүн талдоодо колледж өз алдынчалыкка ээ.

Студенттердин алып жаткан билимдерин текшерүү жана курс аралык аттестациялары жөнүндөгү жобо колледж тарабынан иштелип чыгат. Күндүз, күндүз-сырттан (кечкисин) окуу жана сырттан окуу формалары боюнча студенттердин курс аралык процессинде өтүп жаткан сыноолордун (экзамендердин) саны окуу жылында 8ден, ал эми эсепке алуунун (зачеттук) саны - 10дон ашпоого тийиш. Бул аталган сандарга дене тарбия жана факультативдик сабактар боюнча сыноолор менен эсепке алуунун (зачеттун) саны кошулбайт.

Аккредитациясы бар колледж бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы тарабынан ишке ашырылат. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

9. Аккредитациясы бар колледж билим берүүнүн тийиштүү программасын толук өлчөмдө өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө кесиптик орто билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдө диплом берет.

Бүтүрүүчүлөрдүн билими менен билгичтиги «эң жакшы» (5), «жакшы» (4), «канаттандыраарлык» (3), «эсепке алынды» (зачет), (зачтено) деп аныкталат да, кесиптик орто билим жөнүндөгү дипломдун тиркемесинде: көрсөтүлөт.

10. Колледжден чыгарылган студентке билими жөнүндө документтин түп нускасы жана белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат финансылык жана материалдык карыздары жоюлгандан, анын ичинде билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда бюджеттик негизде окуу наркынын орду толтурулгандан кийин берилет.

11. Кесиптик орто билим жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтердин формасы, ошондой эле аларды толтуруунун жана берүүнүн тартиби билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

12. Колледжге өтүүдө көрсөтүлүп берилген билим жөнүндөгү документтер колледжди бүтүргөндөргө же бүтпөстөн чыгып кеткендерге арыздары боюнча

алардын өздүк иш кагаздарынан алынып берилет. Мындай учурда, ал өздүк иш кагазда билим жөнүндөгү документтин мөөр менен бекемделген көчүрмөсү калат.

## 4. Колледждерди башкаруу

1. Колледжди башкаруунун жогорку органы болуп анын уюштуруучусу, ЖАМУ эсептелет.

Колледжди башкаруу иштери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ЖАМУнун уставына жана ушул Жобого, ЖАМУнуну локалдык ченемдик актыларына ылайык педагогикалык курамдын, көмөк көрсөтүүчү кеңештин принциптеринин негизинде алып иш-аракеттеринин маанилүү принциптерин чечүү (окуу процессин уюштуруу, билим берүүнүн сапаты жана мазмуну, окуу процессин методикалык жактан камсыз кылуу ж.б.) менен ишке ашырылат.

2. Колледжде шайлоо өкүлдүктөрдүн органы - колледждин Педагогикалык кеңеши (мындан ары – Пед.кеңеш) түзүлөт.

Пед.кеңештин тутумуна директору, кызматчылары менен окуп жаткандардын, ошондой эле кызыкчылыктары бар ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү кирет. Анын төрагасы директор болуп эсептелет. Пед.кеңештин мүчөлөрү жамааттын жалпы чогулушу тарабынан шайланышат. Пед.кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 3 жылдан ашык болууга мүмкүн эмес. Пед.кеңешти мөөнөтүнөн мурда шайлоо анын теңинен көп мүчөлөрүнүн талабы боюнча жүргүзүлөт. Пед.кеңештин ишмердүүлүгү кабыл алынган жобонун негизинде жөнгө салынат.

3. Колледжге түздөн-түз жетекчиликти ЖАМУнун ректору тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана бошотулуучу директор жүзөгө ашырат. Директор Пед.кеңештин төрагасы болуп саналат.

Колледждин директору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ЖАМУнун уставына, ЖАМУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык колледждин атынан аракеттенет, бардык уюмдарда анын атынан келишимдерди (финансылык келишимдерден тышкары) түзөт, өзүнүн компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгарып, бардык кызматчылар менен окуп жаткандарга көрсөтмө берет.

Директор кызматчылардын кызмат милдеттерин аныктайт.

## 5. Колледждерде окуп жаткандар

1. Колледжде окуп жаткандарга студенттер жана окуп жаткандардын башка категориялары кирет.

Негизги билим берүүчү программалар боюнча окуу үчүн ректордун буйругу менен кабыл алынган адам колледждин студенти (мындан ары - студент) болуп эсептелет.

Даярдоо курстарында же кесиптик кошумча программа боюнча билим алуу үчүн кабыл алынган адам колледждин угуучусу (мындан ары - угуучу) болуп эсептелет.

Билим алуу жаатында тейленип жаткан угуучунун укуктук абалы окутуунун, ошондой эле формасындагы студенттин статусуна барабар болот.

2. Колледжде окуп жаткандардын укуктары менен милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ЖАМУнун уставы жана ушул Жобо тарабынан аныкталат.

3. Студенттер:

- колледждин иш-аракеттерин, анын ичинде өз алдынча башкаруу жана коомдук уюмдар аркылуу талкуулоого жана чечим кабыл алууга катышууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте колледждин администрациясынын буйруктарына доомат коюуга;

- китепканалардан, маалымат ресурстарынан, окуу, социалдык-тиричилик, дарылануу кызматтары менен белгиленген тартипте акысыз пайдаланууга укуктуу.

4. Бюджеттик каражаттын эсебинен окутуунун күндүзгү формасында окуган студенттер белгиленген тартипте стипендия менен камсыз кылынат.

Студенттер жеке адамдар же юридикалык тараптар төлөөчү ж.б. стипендияларды алууга укуктуу.

5. Колледж ЖАМУнун бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттардын чегинде өз алдынча студенттерди социалдык жактан колдоонун иш-чараларын, алардын ичинде студенттердин материалдык абалын жана алардын академиялык ийгиликтерин эске алуу менен жеңилдиктерди иштеп чыгып, аларды жүзөгө ашырууга укуктуу.

Билим берүү программаларын өздөштүргөндүгү, тажрыйбалык-конструктодук иштерде жетишкен ийгиликтери үчүн студенттерге моралдык жана материалдык ар кандай көмөктөрдүн формалары белгиленет.

6. Жатаканага муктаж студенттер жатаканадан орун менен камсыз кылынат.

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте медициналык көрсөтмөлөр боюнча жана башка өзгөчө кырдаал шарттарда студентке академиялык отпуск берилет.

8. Колледжден чыгарылгандарды, ошондой эле мурда башка колледжде окуп, андан окуу мөөнөтү бүтө электе чыгарылгандарды окуусун улантуу үчүн кайра кабыл алуунун тартиби менен шарттары белгиленген тартип менен аныкталат.

9. Студенттерди бир колледжден экинчи колледжге которуу Министрлер Кабинети белгиленген тартипте ишке ашырылат.

10. Белгиленген мөөнөткө адистиги боюнча окуу программасын жана өз милдеттерин себепсиз аткарбай калгандыгы үчүн каралган ички тартип-талаптарды бузгандыгы үчүн студентке колледжден чыгарууга чейинки тартип жазалары колдонулат. Студеттердин оорулуу, каникул, академиялык отпуск же кош бойлуу же төрөт мезгилдеринде администрациянын демилгеси менен студенттерди чыгарууга жол берилбейт.

## 6. Колледждердин кызматкерлери

1. Колледждин кызматчыларына анын жетекчиси жана педагогикалык кызматкерлери менен окутуунун кошумча көмөкчү кызматкерлери кирет.

2. Колледждин кызматчылары:

а) өздөрүнүн кадыр-баркы менен сыймыгын коргоого;

б) ушул Жобо тарабынан аныкталуучу тартипте башкаруу ишине катышууга;

в) Пед.кеңешти шайлоого жана башка шайлоо органдарына шайланууга колледждин иш-аракет маселелерин, анын ичинде өз алдынча башкаруу органдары менен коомдук уюмдарга, талкууларга жана чечим кабыл алууга катышууга;

г) колледждин администрациясынын буйруктарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте доомат коюуга;

д) өзүнүн кесиптик иш-аракеттерине зарыл болгон уюштуруучулук, окуу-методикалык жана материалдык камсыздоолорду алууга, китепканалардан, маалымат ресурстарынан окутуунун, окуу-методикалык кызматтарын акысыз пайдаланууга укуктуу.

Педагогикалык кызматкерлер билим берүү процесстеринин жогорку сапатын камсыз кылуучу окутуунун ыкмасы менен каражаттарын тандап алууга укуктуу.

Окуп жаткандарды күч жана психикалык кысымга алууга байланышкан тарбиянын педагогикага каршы ыкмаларын пайдаланууга, ошондой эле окуп жаткандардын ден-соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирүүчү антигумандуулук ыкмаларга жол берилбейт.

3. Колледждин кызматчылары колледждин, ЖАМУнун ички тартиптерин, кесиптик этиканы бекем сактоого, аларга жүктөлгөн функционалдык милдеттерди сапаттуу аткарууга милдеттүү.

Педагогикалык кызматкерлер билим берүү процессинин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылып, өзүнүн квалификациясын жогорулатуунун үстүндө ар дайым иштөөгө милдеттүү.

4. Кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу максатында колледж жетекчилиги зарыл шарттарды түзөт. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясынын жогорулатуу ар бир беш жылда бирден кем эмес мөөнөттө кесиптик кошумча билим берүү мекемелеринде, жогорку окуу жайларында, илимий, илимий-методикалык ж.б. мекемелер менен уюмдарда стажировкалоо, диссертацияларды даярдоо жана жактоо ыкмасында жана башка реформада өткөрүлөт.

5. Колледждин жетекчи жана педагогикалык кызматчылары белгиленген тартипте аттестациядан өтүшөт.

6. Окутуу, методикалык, илимий жана тарбия берүүчү иштерде жетишкен ийгиликтери жана башка иш-аракеттери үчүн ал кызматчыларга ар түрдүү моралдык жана материалдык сыйлыктар белгиленет.

## 7. Корутунду жоболор

1. Колледждердин ишмердүүлүгү ЖАМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан жана ректордун буйругу менен токтотулушу мүмкүн.
2. Колледждерди кайра уюштуруу жана жоюу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан жана ректордун буйругу менен жүргүзүлөт.
3. Ушул Жобого өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып бекитилет.